# Зат атоочтун сан категориясы. Жекелик жана көптүк сан



Мугалим:Рыскелдиева А.З.

| | -лар мүчөсү уланат | | -лар мүчөсү улабайт |
|---|---|---|---|
| 1. | Бардык заттар менен түшүнүктөрдү атаган сөздөргө : шаарлар, жемиштер, окуучулар, максаттар, тилектер ж.б. | 1. | Жалпылоо маанисиндеги жөнүндөгү сөздөргө: эл , жамаат, коом, мал, бала-бакыра, идиш—аяк, курал-жарак, кийим –кече. |
| 2. | Бир нече адамдагы сандарды билдириш керек болгондо: Бекжан, Айтегин, Нурайлар Казакстандан келишти. | 2. | Энчилүү аттарга : Асел, Азим, Ат-Башы ж.б. |
| 3. | Даана-даана саналбаган заттардын түрлөрү жөнүндө сөз болгондо: Ар кайсы ишканадан чыккан заттардын түрлөрү жөнүндө сөз болгондо: *Ар кайсы ишканадан чыккан сүттөр текчеде кыдырыплата тизилген.* | 3. | Даана-даана саналбаган заттардын атаган сөздөргө: кумшекер, сүт, май, таш, көмүр, цемент ж.б. |
| 4. | Жалпылоо маанисиндеги айрым түшүнүктөрдүн түрлөрү жөнүндө сөз болгондо: Дүйнө элдеринин тарыхыгына кызыгам. | 4. | Абстрактуу түшүнүктөрдү атаган сөздөргө: уйку, сүйүү, жаштык, кайгы-капа ж.б. |
| | | 5. | Эсептик сан атоочтор, сан-өлчөм тактоочтор, жана көптүк маанидеги кош сөздөр менен айкашкан сөздөргө: Беш кишиге беш табак тартылат. Жаныбектин үйүр-үйүр жылкысы бар. |